**М А А Л Ы М А Т**
**(шайлоочуларды сатып алуу фактысы боюнча)**

10.07.2021-жылы, Ош ШИИБнын Сулайман-Тоо МБнүн ЭММКАКнын улук ыкчам өкүлү милициянын капитаны [redacted] билдирүү менен кайрылып, анда 2021-жылдын 11-июль күнү, Ош шаарынын жергиликтүү депутаттарын шайлоого карата, Ош шаарынын Төлөйкөн кичи шаарчасынын 11 үйүнун алдыныда "Улуттар биримдиги" партиясынын өкүлү [redacted] шайлоочуларды сатып алуу максатында акча таратып жаткандыгы боюнча кабарлаган.

Аталган маалымат 2021-жылдын 10-июль күнү, саат 13:02 минутада Ош ШИИБнын Сулайман-Too МБнүн маалымат электрондук журналына **№02-091-2021-002738** саны менен катталып, ыкчам-тергөө тобунун кызматкерлери тарабынан окуя болгон жерге барып, окуя боюнча тийиштүү материалдар жыйналды. Топтолгон материалдар ошол эле күнү күнү, саат 13:42 минутада Кыргыз Республикасынын ЖКнын 192-беренеси 1-бөлүмү менен кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине **03-091-2021-002435** саны менен сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

Ыкчам-тергөө тобунун кызматкерлери тарабынан, окуя болгон жерге барып, шайлоочуларды сатып алууга багытталган иш аракеттерди жасап жүргөн [redacted] карата кечиктирилгиз алып коюу жөнүндө токтомдун негизинде, анын колдонуп жүргөн кол сумкасынан **37.000 (отуз жети миң)** кыргыз сому, Ош шаардык АШКнын төрагасынын колу жана АШКнын мөөрү менен тастыкталган, “Улуттар биримдиги” Элдик партиясынын ишенимдүү өкүлү катары тастыкталган №3 сандуу күбөлүк баракчасы, 2 даана №4 “Улуттар биримдиги” Элдик партиясына тандык болгон жарнамалык баракча жана “Редми” үлгүсүндөгү кол телефону далил зат катарында алынды.

Көрүлгөн тергөө-ыкчам иш чаралардын жүрүшүндө, Ош шаарынын Төлөйкөн кичи шаарчасынын №11/89 батиринин тургуну, [redacted] туулган [redacted] тергөөгө камсыз болуп, андан жалпы суммасы **2.000 сом**, акча каражаттары далил зат катарында алынды. [redacted] өзнүн көрсөтмөсүндө аталган акча каражаттарын [redacted] тарабынан берилгендигин жана 2021-жылдын 11-июнь күнү, Ош шаарынын жергиликтүү кеңешке шайлоо күнү №4 “Улуттар биримдиги” Элдик партиясына добуш берүү үчүн бергендигин билдирген.

Жогорудагылардын негизинде [redacted]-жылы Карасуу районунда туулган, улуту кыргыз, билими орто, үй бүлөлүү, өз сөзүнөн мурда соттолбогон, убактылуу эч жерде иштебеген, Ош шаарынын [redacted] көчөсүнүн [redacted] батиринин тургуну, [redacted] Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин 192-беренеси 2-бөлүмү менен шектүү жөнүндө кабарлама берилүүгө жатат, бирок ал ден соолугуна байланыштуу ооруп калгандыктан, даарыгердин берген корутунтундусу менен чечилет.

Азыркы учурда бул факты боюнча, окуянын бардык катышуучуларынын аракеттерине туура юридикалык баа берүүгө багытталган ыкчам-тергөө амалдары жүргүзүлүп жаткандыктан анын жыйынттыгы менен Кыргыз Республикасынын ЖПКнин талаптарына ылайык чечим кабыл алып, кошумча билдиребиз.